К двухпадежным именам относятся следующие категории слов:
собирательные имена по моделям فَوَاعِلُ и فَعَائِلُ;
имена ломанного множественного числа по моделям فَعَالِلُ и فَعَالِيلُ;
прилагательные по типу أَفْعَلُ и فَعْلَانُ, например: أَوَّلُ «первый», جَوْعَانُ «голодный»;
большинство женских имён собственных, кроме тех, которые построены по моделям فَعْلٌ فُعْلٌ فِعْلٌ;
мужские имена собственные, оканчивающиеся на ـَةُ и ـَانُ, а также по типу فُعَلُ;
названия стран, городов, рек: دِمَشْقُ «Дамаск», دِجْلَةُ «Тигр» (река);
имена с некоренными окончаниеми ـَاءُ или ـَى.

**Список использованной литературы:**

1.Гранде Б. М. Курс арабской грамматики в сравнительно-историческом освещении. – М., 2001
2.Дубинина Н. В. Глаголы арабского языка. Правильные и неправильные корни. – М., 2005
3.Хайбуллин И. Н. Грамматика арабского языка. Краткое изложение. – М., 2009.
4.Чернов П. В. Справочник по грамматике арабского литературного языка. – М., 1995
5.Юшманов Н. В. Грамматика литературного арабского языка. – М., 1964; 1999.
6.Яковенко Э. В. Неправильные глаголы арабского языка. – М., 2000.

УДК 371.3:494.3:894. 341
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-194-198

**Мусаева В.И., Жоомарт кызы Айтолкун, Каныбек кызы Жанара, Пазылбек кызы Элмира, Исмаилбекова Гүлзуура**
И.Арабаев атындагы КМУнун профессору, п.и.д.,
И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетинин магистранттары
**Мусаева В.И., Жоомарт кызы Айтолкун, Каныбек кызы Жанара, Пазылбек кызы Элмира, Исмаилбекова Гүлзуура**
профессор, к.п.н КГУ им. И. Арабаева,
Магистранты факультета педагогики КГУ им. И Арабаева
**Musaeva V.I., Joomart kyzy Aitolkun, Kanybek kyzy Janara Pazylbek kyzy Elmira, Ismailbekova gulzuura**
Professor, Ph.D. KSU named after I. Arabaev,
Undergraduates of the Faculty of Pedagogy of KSU named after And Arabaeva

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУП-ҮЙРӨНҮҮДӨН КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР

## ОЖИДАЕМЫЕ РЕЗУЛЬТАТЫ ПРИ ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

## EXPECTED RESULTS IN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE IN INITIAL CLASSES

**Аннотация:** макалада башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуудагы күтүлүүчү натыйжаларга ээ болуунун шарттары белгиленди. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун максаты, милдети, окутуунун дидактикалык принциптери, кыргыз тилин окуучуга багыттап окутуу, предмет аралык байланыш көрсөтүлдү. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун мазмундук багыттары иштелип чыкты. Ал мазмундук багыттар боюнча кеп ишмердүүлүгүнө окутуп-үйрөтүүнүн ыкмалары жана жол-жоболору камтылды.

**Аннотация:** В статье рассматриваются ожидаемые результаты при обучении кыргызского языка в начальных классах. А также цели и задачи, дидактические принципы, личностно-ориентированное обучение, межпредметный связь при обучении кыргызского

языка. Разработаны содержательные линии при обучении кыргызского языка в начальных классах, а также приемы обучении речевой деятельности учащихся начальных классах.

**Annotation:** The article discusses the expected results in teaching the Kyrgyz language in elementary grades. As well as goals and objectives, didactic principles, student-centered learning, intersubject communication in teaching the Kyrgyz language. Substantial lines have been developed for teaching the Kyrgyz language in elementary grades, as well as techniques for teaching speech activity of primary school students.

**Негизги сөздөр**: кыргыз тили, башталгыч класс, күтүлүүчү натыйжалар, дидактикалык принциптер, кыргыз тилин окуучуга багыттап окутуу, предмет аралык байланыш, башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун мазмундук багыттары

**Ключевые слова:** кыргызский язык, начальная школа, ожидаемые результаты, дидактические прннципы, личностно-ориентированное обучение, межпредметный связь, содержательные линии, речевой деятельности учащихся

**Keywords:** Kyrgyz language, elementary school, expected results, didactic principles, student-centered learning, intersubject communication, content lines, speech activity of students

Учурда республикабыздагы жалпы билим берүүчү орто мектептердин негизги максаты – акыл-эс, интеллектуалдык жана дене бою жагынан калыптанган, рухий-адабий көрөңгөсү бай, табигый жана гуманитардык ж.б. предметтер боюнча орто илимий элементардык билимге ээ болгон, коомдук-социалдык турмушка катышууга даяр, мекенчил, чыныгы патриот, айлана-чөйрөгө жекече көз карашы кенен, азыркы өтө бат өзгөрүүлөргө өз алдынча тез ыңгайлаша алган, ак ниеттүү, асыл ойлуу, адилеттүү, жөндөмдүү, мээнеткеч, камкор жаш адамды окутуп-тарбиялап чыгаруу болуп саналат.

Алты, жети жаштагы тестиер бала мектеп босогосун аттагандан баштап, он жети, он сегиз жашка толуп, кадимкидей инсанга айланып, орто мектепти аяктаганга чейин ар бир предмет-сабактардан ар кыл илим-билимге ээ болуп отуруп, акырында жогоруда саналып өткөн адамдык сапаттарга, таалим-тарбияга ээ болуп чыгышы бул – мезгилдин талабы да болуп отурат. Баланын мектептеги он бир жылдык өмүрүндө, тактап айтканда, 315ти он бирге көбөйтсөк, 4015 күндүк убакыттагы ар бир класстагы, ар бир чейректеги, ар бир сабактагы өздөштүргөн бардык предметтер боюнча ээ болгон билим ишмердүүлүктөрүнүн натыйжасындагы айрым-айрым күтүлүүчү натыйжалар жыйналып отуруп, мектепти аяктагандагы системалуу түрдөгү күтүлүүчү натыйжаларга алып келээри белгилүү.

Мына ушундан улам, орто мектептин башталгыч класстарында билим берүүнүн натыйжалуулугу, анын ичинде, кыргыз тилинен окутуп-үйрөтүүнүн натыйжалуулугуна басым жасоо олуттуу мааниге ээ болуп саналаары анык. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуу иши билим берүүнүн мамлекеттик стандарты [1;2] жана окуу программасына [3] ылайык жүргүзүлөөрү баарыбызга белгилүү.

Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун башкы максаты катары – окуучуларды эне тилинде төмөнкүдөй кеп ишмердүүлүгүнө ээ кылуу. Алар:

- ✓ Окуучуну угуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
- ✓ Окуучуну окуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
- ✓ Окуучуну сүйлөө ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
- ✓ Окуучуну жазуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу

Ошондой эле, башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун милдеттери катары:


- ➢ Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун когнитивдик милдети – окуучу эне тилин карым-катнаштын куралы иретинде бүтүндөй бир тилдик система катары таанып-билип, анын функцияларын оозеки, жазуу кебинде колдонуусу;
- ➢ Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун жүрүм-турумдук милдети – окуучунун кеп ишмердүүлүгү аркылуу жүрүм-турум маданиятына ээ болуусу;
- ➢ Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун баалуулук милдети – окуучу эне тилин элдин маданиятынын бир бөлүгү катары таануусу.

Башталгыч класста кыргыз тилин окутууда күтүлүүчү натыйжага ээ болууда окутуунун принциптери башкы мааниге ээ болуп саналат. Алар кайсылар?

- Башталгыч класста кыргыз тилин жөнөкөйдөн татаалга, белгисизден белгилүүгө, жеңилден оорго карай окутуу;
- Башталгыч класста кыргыз тилин окутууда окутуу менен тарбиялоону биримдикте жүргүзүү;
- Башталгыч класста кыргыз тилин окутуудагы илимийлүүлүк;
- Башталгыч класста кыргыз тилин окутуудагы системалуулук;
- Башталгыч класста кыргыз тилин окутуудагы ырааттуулуктун сакталуусу;
- Башталгыч класста кыргыз тилин окутуудагы көрсөтмөлүүлүк;
- Башталгыч класста кыргыз тилин окутууда чын, бекем билим берүү;
- Башталгыч класста кыргыз тилин окутуудагы жеткиликтүүлүк, чыгармачылык;
- Башталгыч класста кыргыз тилин окутууда окуучуга жекече мамиле жасоо ж.б.

Башталгыч класста кыргыз тилин окутууда күтүлүүчү натыйжага [9] ээ болуудагы эң башкы маселе бул – окуучуга багытталган окутуу же инсанга багытталган окутуу болуп саналат. Мында баланын инсан катары калыптануусуна педагогикалык ыңгайлуу шарттар түзүлүүсү зарыл. Ар бир баланын кабыл алуусу, эске тутуусу, өнүгүүсү өз алдынча ар кандай келип, бири бирине окшобойт. Демек, мугалим класстагы ар бир баланын интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүн эске алуу менен сабакты уюштуруп, өз алдынча тапшырмаларды да ар бир окуучунун жөндөмүнө аткарттыруусу шарт. Мисалы, бир окуучунун ой жүгүртүү интеллекти гуманитардык багытта күчтүү өнүксө, экинчисиники математикалык багытта, үчүнчүсүнүкү көркөм өнөр багытында көрүнөт. Бул жагдайда мугалим дифференцирленген окутуу ишин алып баруусу ылайык. Ар бир баланын жөндөмүнө жараша окутуу ишмердүүлүгүн ишке ашыруу. Алар кайсылар:

Окуучуга багытталган дифференцирленген окуу материалдарын иштеп чыгуу
Окуучуга багытталган дифференцирленген суроо-тапшырмаларды даярдоо
Окуучуга багытталган дифференцирленген көнүгүү, машыгууларды иштетүү
Окуучуга багытталган дифференцирленген кошумча тапшырмаларды иштеп чыгуу
Окуучуга багытталган дифференцирленген жазуу жумуштарын даярдоо
Окуучуга багытталган дифференцирленген үй тапшырмаларды сунуштоо ж.б.



**1-сүрөт. Башталгыч класста кыргыз тилин окутууда күтүлүүчү натыйжага ээ болуудагы предмет аралык байланышты ишке ашыруу**

Эгерде, айрыкча, башталгыч класста ар бир окуучунун кабыл алуусу, эске тутуусу, өнүгүүсү, жөндөмү, ой жүгүртүүсү эске алынбаса, анда, мугалим күтүлүүчү натыйжага ээ болуусу кыйын. Мугалим класста окуучулардын акылман кеңешчиси, багыт берүүчүсү катары аларды жекече иштөөгө, жуп менен иштегенге, топто өз алдынча иштетүү менен гана алардын окууга болгон жигердүүлүктөрүн арттыра алат.

Ар бир окуучунун кабыл алуусу, эске тутуусу, өнүгүүсү, жөндөмү, ой жүгүртүүсү эске алынган окутуу кырдаалында гана окуучулардын окууга, предметке, тапшырманы аткарууга болгон кызыгууларын күчөтө алаарыбызды практика эбак далилдеген.

Башталгыч класста кыргыз тилин окутууда күтүлүүчү натыйжага ээ болуудагы дагы бир негизги нерсе бул – окутуу ишмердүүлүгүндөгү системалуу түрдөгү предмет аралык байланышты ишке ашыруу болуп саналмакчы. Ал жогорудагы 1-сүрөттө схема түрүндө көрсөтүлдү.

Башталгыч класста кыргыз тилин окутууда күтүлүүчү натыйжага ээ болуудагы мазмундук багыттар [9] кайсылар: Алар төмөнкүлөр:

- ✓ Фонетика, орфография, орфоэпия жана сөз өстүрүү 1-4-класстар;
- ✓ Морфология, орфография жана сөз өстүрүү 1-4-класстар;
- ✓ Синтаксис, пунктуация сөз өстүрүү 1-4-класстар;
- ✓ Лексика жана сөз өстүрүү 1-4-класстар;
- ✓ Байланыштуу кеп жана сөз өстүрүү 1-4-класстар

Башталгыч класста кыргыз тилин окутууда күтүлүүчү натыйжага ээ болуу үчүн ушул беш багытта окутуу ишмердүүлүгү ишке ашырылат. Мында, албетте, жогоруда айтылып өткөн кыргыз тилин окутуунун максат, милдеттери, дидактикалык принциптеринсанга багытталган окутуу жана предмет аралык байланыштар бекем сакталуу менен гана окутуу процесси жүргүзүлмөкчү.

Бул аталган беш багыттагы ар бир теманын максаты коюлат жана, алгач, окуучу ар бир тема боюнча, мисалы, 1-класстан жөнөкөй түшүнүккө ээ болсо, 2-3-класстардан ал түшүнүгү кеңейип отуруп, 4-классты аяктаганда тигил же бул окуу материалы боюнча кандайдыр бир деңгээлде билимге ээ болуп, интеллектиси калыптануусу шарт.

Ошону менен бирге эле, бул аталган беш мазмундук багыттар окуучунун сөзүн өстүрүү менен бирге эле кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу максатында да окутулмакчы.

**Фонетика, орфография, орфоэпия жана сөз өстүрүү 1-4-класстар:**

Окуучуну угуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
Окуучуну окуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
Окуучуну сүйлөө ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
Окуучуну жазуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу

**Морфология, орфография жана сөз өстүрүү 1-4-класстар:**

Окуучуну угуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
Окуучуну окуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
Окуучуну сүйлөө ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
Окуучуну жазуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу

**Синтаксис, пунктуация сөз өстүрүү 1-4-класстар:**

Окуучуну угуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
Окуучуну окуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
Окуучуну сүйлөө ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
Окуучуну жазуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу

**Лексика жана сөз өстүрүү 1-4-класстар:**

Окуучуну угуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
Окуучуну окуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
Окуучуну сүйлөө ишмердүүлүгүнө ээ кылуу

Окуучуну жазуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
**Байланыштуу кеп жана сөз өстүрүү 1-4-класстар**
Окуучуну угуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
Окуучуну окуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
Окуучуну сүйлөө ишмердүүлүгүнө ээ кылуу
Окуучуну жазуу ишмердүүлүгүнө ээ кылуу.

Башталгыч класста кыргыз тилин окутууда күтүлүүчү натыйжага ээ болуу тууралуу ушул чакан макала аркылуу бардык маселенин башын ачтык деген пикирди, албетте, айта албайбыз. Бул тууралуу өзүнчө изилдөөлөрдү жүргүзүү алдыда деген ойдобуз.

**Колдонулган булактардын тизмеси**


1. Башталгыч мектепте «Эне тилин» окутуу боюнча (1-4-класс) предметтик куррикулум.- Бишкек, 2010
2. Башталгыч билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. –Б.: 1996
3. Башталгыч класстардын программасы. Б.: 2013. Билим басма борбору. – 47б.
4. Сартбаев К., Рысбекова Б. Башталгыч класстын окуучуларын орфографиялык сабаттуулукка жана таза жазууга үйрөтүүнүн методикасы. Ф.: «Мектеп», 1967
5. Арабай уулу Э. Кыргыз алиппеси. Ташкент, 1924
6. Нааматов С. Алиппе. 1-басылышы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1931, -66б.
7. К.Бакеев Зат атооч жана аны окутуунун методикасы. Ф.: 1958.
8. Бердибаев Э., Рысбекова Б., Сартбаев К. Башталгыч класстардын кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Ф.: 1978
9. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. 1-4-кл. Түзүүчүлөр: А.Акунова, Б.Чокошева, Р.Шакиров. –Б.: 2012. -82б.
10. Мусаева В.И. Алиппеге кадам. Окуу куралы. 5-7жаштагы мектепке чейинки курактагы бөбөктөр үчүн “Алиппе” Б.: ОсОО “Принт-экспресс”, 2018. – 138б.
11. Мусаева В.И. Тап-тап табышмак. Окуу куралы. Б.: 2016. Полиграфбумресурс
12. Мусаева В.И. Кыргыз элинин макал-лакаптары.Кыргызские народные пословицы и поговорки. Б.: Оптима технолоджис.2017. -102б.
13. Мусаева В.И. Балдар риторикасы. Окуу куралы. Б.: Билим, 486б.
14. Мусаева В.И. Жазуу маданиятын окутуунун теориясы менен методикасы. Окуу-методикалык курал. Б.: Билим, 2018. -475б. Мусаева В.И. Кеп маданияты: теориясы менен практикасы. Б.: Билим, 2018. -232б.
15. Мусаева В.И. Кенже курактагы окуучулардын коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу аттуу окуу дисциплинасы боюнча типтүү программа –Б.: 2019,-27б.
16. Мусаева В.И., Бейшеев Т. Педагогика алистигиндеги студенттердин кыргызча кебин байытууда сөздүк менен иштөөнүн методикасы. Монография. –Б.: Билим, 2019. -135б.
17. Мусаева В.И Кеп маданияты жана стилистика. Окуу-методикалык курал. –Б.: Билим, 2020. -214б.
18. Мусаева В.И Көркөм окуунун практикуму боюнча сөз өстүрүүнүн теориясы жана методикасы. Окуу-методикалык курал. –Б.: Билим, 2019. -114б.



УДК 371.3:494.3:894. 341
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-198-203



**Мусаева В.И., Жоомарт кызы Айтолкун, Каныбек кызы Жанара, Пазылбек кызы Элмира, Исмаилбекова Гүлзуура**
И.Арабаев атындагы КМУнун профессору, п.и.д.
И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетинин магистранттары
**Мусаева В.И., Жоомарт кызы Айтолкун, Каныбек кызы Жанара, Пазылбек кызы Элмира, Исмаилбекова Гүлзуура**
профессор, к.п.н КГУ им. И. Арабаева,